| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>НАРЗАН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>НАРЗАНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**ТОКТОМ** №07.

**16 декабрь 2024 жыл** **Беловодское а.**

**Нарзан айылдык кеңешинин жаңы Типтүү Этика Кодексин бекитүү жана эски редакциясынын күчүн жоготуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, "Ченемдик укуктук актылар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин "Жергиликтүү кеңештердин депуттатарынын Типтүү Этика Кодексин бекитүү жөнүндө" №01-25/328 06.12.2024 жылдын Буйругун жетекчиликке алып, Нарзан айылдык кеңешинин Типтүү Этика Кодексинин жаңы редакциясын угуп жана талкуулап сессия,

**ТОКТОМ КЫЛДЫ:**

1. Москва районунун, Чүй облусунун Беловодское (азыркы Нарзан) айылдык кеңешинин №74 2019-жылдын 11 декабрь айындагы "Беловодское айылдык кеңешинин Типтүү депутаттардын Этика Кодексин бекитүү жөнүндө" токтому жаңы редакциядагы ченемдик укуктук актынын кабыл алынышына байланыштуу күчүн жоготту деп табылсын.

2. Чүй облусунун Москва районунун, Нарзан айылдык аймагынын, Нарзан айылдык кеңешинин депутаттардын Типтүү Этика Кодекси жаңы редакциясы №1 Тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик базасына киргизүү үчүн жооптуу катчы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Чүй-Бишкек башкармалыгына жөнөтсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Нарзан айылдык кеңешинин депутаттарынын мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасына жүктөлсүн.

**Төрага** **Кулжанов Т.К.**